№ 10 директордун алдындагы
кеңешметин чечими
менен каралды
«20» 05 2022-ж.

Бекитемин
мектеп директору: ________
Сарытаева Д. Т.
«21» 05 2022-ж.

# Кызыл-кыя шаарына караштуу Токтогул атындагы №6 орто мектебинин апелляциялык комиссиясы жөнүндө ЖОБО.

## 1. Жалпы жобо

1.1. Учурдагы жобо Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамынын негизинде түзүлдү.

1.2. Бул жобо апелляциялык комиссиянын иштөө тартибин, анын укуктарын, калыптануу тартибин жана тизмесин аныктайт.

1.3. Апелляциялык комиссия окуучу же анын ата-энеси тарабынан берилген арызын (окуучунун алган баасына нараазычылыгын) карашат.

## 2. Комиссиянын укуктары ыункциялары

2.1. Комиссия окуу процессинин жүрүшүндө, экзамендер болуп жаткан учурда өз иштерин аткарышат.

2.2. Комиссия мүчөлөрү төмөнкү иштерди аткарышат:

- Окуучуларга коюлган баага нараазычылыгына байланыштуу арыздарын кабыл алышат жана карашат.
- Окуучуга коюлган бааны мамлекеттик стандартка, нормага, кабыл алынган талаптарга ылайык келүүсүн аныктайт жана карашат.
- Каралган арыздын натыйжасында чечим кабыл алышат.
- Арыз берген окуучуга же алардын ата-энесине алар тарабынан берилген арызы боюнча маалымат берет.

## 3. Комиссиянын курамы жана структурасы

3.1. Комиссиянын мүчөлөрү директордун приказы менен бекитилет. Апелляциялык комиссия педагогикалык коллективден тандалып алынган компотенттүү жана абройу жогору болгон 3төн (үчтөн) кем эмес адам болуусу зарыл.

3.2. Жобого ылайык комиссиянын төрагасы комиссия ишине жооп берет, ошол эле учурда апелляцияны ачык айкын карашат.

## 4. Апелляцияны кароо тартиби

4.1. Эгерде окуучу алган баасына нараазы болсо, анда ал жазма түрүндө апелляциялык комиссияга арыз жазууга уктуу. Ал арызда өзүнүн ишинин сапатын жана баасын төмөндөткөн текшерүүчүлөрдүн катасын конкреттүү түрдө белгилеп өтүүсү зарыл.

4.2. Комиссия мүчөлөрү арызды карап жаткан учурда окуучу ошол жерде катышууга укуктуу.

4.3. Арыз жазган окуучуга алган баасына нараазы болуп жаткан иши кабыл алынган стандартка, нормага жана талаптарга ылайык текшерилгенин жана бааланганын билүүсүнө мүмкүндүк берилүүсү керек.

4.4. Арызды кароо арыз келип түшкөндөн кийин, дароо кийинки күнү тынч жана ынтымактуу жагдайда өтүүсү зарыл.

4.5. Жазма иштери боюнча кабыл алынган арыздар төмөнкүдөй таризде өткөрүлөт: окуучулар апелляциялык комиссиянын катышуусунда жазма иштери менен таанышууга укуктуу. Өз иштери менен таанышуу учурунда, жазма ишти көчүрүп алууга же оңдоп коюуга каттуу тыюу салынат.

4.6. Ал эми ооз эки жооп берүүдөгү арыз, окуучуда ар кандай окуу куралсыз, алдоо баракчаларсыз тынч жагдайда өткөрүлөт.

4.7. Текшерүү жана баалоо боюнча суроолорду окуучулар апелляциялык комиссия менен баарлашуу учурунда аныкташат.

4.8. Апелляциялык комиссия аягында, бааны озгөртүү же биринчи коюлган бааны калтыруу боюнча чечим чыгарышат.

**5. Апелляциялык комиссиянын документациясы.**

5.1. Комиссиянын иши комиссиянын төрагасы жана комиссия мүчөлөрү кол койгон протокол менен жүргүзүлөт.

5.2. Протоколдор китепчеси бооланган жана сандары жазылган болуп, ар бир өткөрүлгөн кеңешме номуру менен китепчеге жазылат.

5.3. Протоколдор мектеп иштеринин номенклатурасына ылайык сакталат жана окуучулар тарабынан алынган арыздарга чечим чыгарууда колдонулат.

5.4. Апелляциялык комиссиянын чыгарган чечими жөнүндөгү түзгөн протоколу окуучуга же анын ата-энесине көрсөтүлүшү мүмкүн.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ Токтогул атындагы №6 орто мектеби** | | **МИНИСЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ Средняя школа №6 им.Токтогула** |

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы директор алдындагы жыйындын № 10 протоколунан көчүрмө**

**20.05.2020-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Төрайымы: Сарытаева Д.Т.**

**Катчы: Кадырова Н.**

**Катышкан мугалимдердин саны: 37**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**2. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин апелляциялык комиссиясы жөнүндө Жобо менен тааныштыруу.**

**Угулду: 2- маселе** боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Разакова Н.Н. билдирүү жасады: Мамлекеттик бүтүрүү экзамендерин тапшырууда апелляциялык комиссия түзүлөт. Апелляциялык комиссия КРнын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамынын негизинде түзүлгөн. Бул комиссия негизинен бүтүрүүчү окуучулар же алардын ата- энелери тарабынан берилген арызын ( алган баасына нараазычылык болгондо) карашат.

Комиссиянын функциялары жана укуктары болуп: экзамен болуп жаткан учурда өз иштерин аткарышат, арыздарды кабыл алып карашат, коюлган баанын мамлекеттик стандартка , талапка ылайык келүүсүн карашат, тийиштүү чечим кабыл алып, окуучуга жана ата-энеге кабар беришет.

Комиссиянын курамы үч кишиден туруп, директордун буйругу менен бекитилет.

Комиссиянын иши комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү кол койгон протокол менен жүргүзүлөт ( слайд аркылуу толук маалымат берилди).

**Жарыш сөзго чыккандар**: 1. Тарых мугалими Пирматова Г. – ЖМА мезгилинде окуучулар тарабынан алган бааларына канааттанбаган окуучулар болот. Мындай учурларда предметтик экзамендик комиссиянын жана экзамендин төрайымынын ( төрагасынын) чечиминин негизинде окуучунун баалоо каралып келген. Бул Жобонун негизинде аппеляциялык комиссия курамы окуучунун нараазычылыгы жаралган учурда көз карандысыз эксперт катары иш алып барганы эң жакшы экен. Жободо бардык шарттар толук каралган.

2. Орус тили мугалим Исакова А. сүйлөдү: Комиссиянын курамына кимдер кирсе болот ?

- Комиссия курамына педагогикалык жамаат тандап алган үч кишиден турган: мугалимдер, ата- энелерден турушу мүмкүн.

**Жогорудагы маселелерди карап директор алдындагы жыйын чечим кылат:**

1. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин апелляциялык комиссиясы жөнүндөгү Жобосу менен бардык предметтик мугалимдер, бүтүрүүчү класстын окуучулары жана ата-энелер тааныштырылсын.
2. ЖМА учурунда бүтүрүүчү окуучулар же алардын ата- энелери тарабынан алган баасына нараазычылык болгондо Жобонун негизинде иш алып барылсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.

Катчы : Кадырова Н.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ 99 буйруктан көчүрмө**

21.05.2020-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин апелляциялык комиссиясынын Жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020- жылдын 20- майындагы №10 дитектор алдындагы жыйындын 2- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин апелляциялык комиссиясы жөнүндө Жобо менен бардык предметтик мугалимдер тааныштырылып чыксын.
2. ЖМА учурунда бүтүрүүчү окуучулар же алардын ата- энелери тарабынан алган баасына нараазычылык болгондо Жобонун негизинде иш алып барылсын.
3. 2019-2020 окуу жылында мектептеги апелляциялык комиссия курамы төмөнкүдөй түзүлсүн:

   1. Комиссияныны төрайымы- Дуйшобаева Ж.М. ШБББнүн башкы адиси
   2. Комиссиянын мүчөсү- Атаханова Ш.Б. соцпедагог
   3. Комиссиянын мүчөсү- Кадырова Н.Т. англис тили мугалими
   4. Комиссиянын мүчөсү- Маматова С. ата-эне
   5. Комиссиянын мүчөсү- Сарыкбаева Г. ата-эне
4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Разаковага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.

Катчы: Кадырова Н.